# ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР

## МЕН ЖАНА ДҮЙНӨ

Иш дептери




www.bilim.edu.kg

# Иш дептерин кантип колдонуу керек?

Бул дептер сага илимди кызыгуу менен окуп үйрөнүүгө арналып жазылган. Айлана-чөйрөнү түшүнүүгө керектүү билимдерге жана көндүмдөргө ээ болосуң. Окумуштуулардай ойлонгонду жана иштегенди үйрөнөсүң!

Иш дептеринин өзгөчөлүктөрү:



**6Б тапшырмасы** **Мени тап жана боё**

Көндүмдөр: • Байкоолорду топтоо жана аларды сүрөттөрдө көрсөтүү. • Объекттерди, материалдарды жана тирүү жандыктарды байкоо жана окшоштугуна жараша топторго бөлүү.

Сүрөттөгү жарыктын булактарын изде.

Аларды боё. Эгер жарыктын булагы табигый болсо – **“А”**, эгер адамдар тарабынан жасалган болсо – **“Б”** деп белгилеп кой.

60

## Тапшырма

Өзүңдүн көндүмдөрүңдү өнүктүрүү жана жакшы түшүнүү үчүн тапшырмаларды аткар. Окумуштуулардай ойлон, иште жана илимди күнүмдүк турмушта колдон!



**5-бөлүм** **Күчтөр**


**5А тапшырмасы** **Жүрүп бараткан жүк ташуучу унаа**

Көндүмдөр:
- Эмне болорун болжолдоо.
- Жыйынттык божомолго туура келдиби же жокпу аныктоо.
- Объекттердин кантип иштерин илим кандайча түшүндүрөрүн айтып берүү.
- Натыйжалардан жөнөкөй жыйынтык чыгаруу.

***Керектүүлүүчүлөр:***
оюнчук жүк ташуучу машина

**Иштин жүрүшү:**
1. Оюнчук жүк ташуучу машинаны ал.
2. Аны жерге кой.
3. Сен бул машинаны жылдырыш үчүн эмне кылсаң болот?

52



**Сөз оюну**

Баш катырмада бир жаныбар катылган.

Баш катырманы чечүү үчүн, жардам берүүчү белгилерди пайдалан. Жообуңду бош жерлерге жаз. Андан соң жашырылган жаныбарды табуу үчүн баш катырмадагы сүрөттүн туура жооптору бар бөлүктөрүн боёп чык.



1. Жаныбардын денесин коргоп турган ______ болот.
2. Жаныбарлардын ар кыл иш-аракеттерине жардам берүүчү ______ бар.
3. Адамдар менен жаныбарлардын ______ ар түрдүү келет.
4. Канаттуулардын денеси ______ менен капталган.
5. Балыктардын денеси ______ менен капталган.
6. Аюнун терисин ______ каптап турат.
7. Жаныбарлардын балдары алардын ______ деп айтабыз.
8. Убакыттын өтүшү менен жаныбарлардын салмагы жана ______ өзгөрөт.
9. Жаныбарлардын балдары өз ______ окшош болушат.


**Жашырылган жаныбар – бул ______.**

12

## Сөз оюну

Бош жерлерди толтуруу, тамгалардан сөз куроо, баш катырмаларды табуу менен илимий сөздөрдү колдонууга машык.

vitep.edu.kg



## Кел, картага түшүрөлү

Бош жерлерди төмөнкү сөздөр менен толтургула.

түстөрү машиналарды кендер жаратылыштан үлгүлөрү карьерлер дарыя агымы текстуралары шаймандарды

*Ар түрдүү тоо тектерди ________________ алабыз.*

*Тоо тектердин өлчөмү, формасы, ________ жана ________ ар түрдүү болот.*

*Тоо тектер ар кандай ыкмалардын жардамы менен казылып алынат.*

*Чоң тоо тектерди казып алуу үчүн ________ колдонсок болот.*

*Кичине тоо тектерди казып алуу үчүн ________ колдонсок болот.*

*Тоо тектер ар кандай жерлерден казылып алынат.*

*________ – бул тоо тектердин жер бетинен казылып алынуучу жерлери.*

*________ – бул дарыя агып өткөн жер.*

*________ – бул Жердеги терең казылган чуңкурлар.*


82

# Кел, картага түшүрөлү

Сага негизги ойду бирдиктүү акыл картасына байланыштырууга жардам берет.

# Кел, кайра карап чыгалы

**А**лган билимиңди жашоодо колдонууну жана түшүнүүнү текшерүүчү суроолор камтылган.



## Кел, кайра карап чыгалы

1. Схемада Күндүн эртеден кечке чейинки асмандагы ар кандай абалдары көрсөтүлгөн.



а) Күн асмандан А дан В га чейин кантип жетет? Туура жоопту тегеректе.

көтөрүлөт

түшөт

б) Күн асмандан В дан Д га чейин кантип жылат? Туура жоопту тегеректе.


көтөрүлөт

түшөт

в) Күн кайсы чекитте эң жогорку абалда болот?

98

**Мээрим** жана **Жоомарт** сага башка окуучулар менен бирге иштешүүңө жана өз сезимдериңди туура билдирүүгө көмөктөшөт.



**4Г тапшырмасы** **Тамак жеген кашыктардын кайсынысы эң бекем?**

**Көндүмдөр:**
- Коопсуздук эрежелерин сактоо менен практикалык иш жүргүзүү.
- Стандарттуу эмес чен бирдиктерин колдонуп өлчөө.
- Натыйжаларды блок-схема аркылуу көрсөтүү жана түшүндүрүү.


| | | |
|---|---|---|
| ***Керектелүүчүлөр:*** | | |
| скотч | пластмасса баштык | бор |
| темир кашык | 20 даана мрамор таштары | |
| пластмасса кашык | стол | |

**Иштин жүрүшү:**

1. Темир кашыкты столго бекем жабыштыр.
2. Кашыктын экинчи учуна пластмасса баштыкты илип кой.
3. Баштыкка бир мрамор ташын сал. Мрамор таштары түгөнгүчө сала бер. Мрамор таштарын таякча сынып калганча сала бер.
4. Пластмасса кашыкты алып ошол эле 1–3-кадамдарды кайталап чык.



43



**4Е тапшырмасы** **Бир материалдан башка материалга**

**Көндүмдөр:** Практикалык ишти коопсуздук эрежелерин сактоо менен жүргүзүү. Илимди өз ишинде колдонгон адамдарды аныктоо.

***Керектелүүчүлөр:***
ширеңке кутучасы

**Иштин жүрүшү.**

1. Бир тал ширеңке ал.
2. Ширеңкени күйгүз. Жалын колуңа тийип кетпесин. Күйгүзүп алышың мүмкүн.
3. Ширеңке күйүп бүткөндөн кийин эмне болорун байка.
4. Суроолорго жооп бер:
   а) Ширеңке күйүп бүткөндөн кийин эмне калат? Туура жоопту тегеректе.

   күл жыгач

   б). Ширеңке күйгөндөн кийин калган материал тууралуу эмнени айта аласың? Туура жоопту тегеректе.

   **Ал ширеңке сыяктуу касиеттерге ээ эмес.**

   **Анын касиеттери ширеңкеники сыяктуу эле болот.**

5. Туура жоопту тегеректе.
   Кондитер камырдан таттуу токоч жасайт. Камыр менен бышкан токочтун касиеттери: **(ар башка / окшош)**



46

kitep.edu.kg

# Мазмуну


**Иш дептерин кантип колдонуу керек?** ........ **2**

**1-бөлүм. Жаныбарлар** ........ **5**
- 1А Менин дене мүчөмдү атап берчи ........ 5
- 1Б Бул дененин кайсы бөлүгү? ........ 6
- 1В Капта жана мени корго ........ 7
- 1Г Жаныбарлардын балдары кандай болот? ........ 8
- 1Д Мен өз ата-энеме окшошмун ........ 9
- 1Ж Менин чоңоюп жатканымды карачы ........ 10
- **Сөз оюну** ........ **12**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **13**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **14**

**2-бөлүм. Ден соолукта болуу** ........ **16**
- 2А Түшкү тамак ичүү убактысы ........ 16
- 2Б Сен спорт менен машыксаң, эмне болот? ........ 18
- 2В Биздин тиштерибиз ........ 20
- 2Г Сен ооруп жатасыңбы? ........ 21
- **Сөз оюну** ........ **23**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **24**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **25**

**3-бөлүм. Жашоо чөйрөлөрү** ........ **28**
- 3А Менин өсүшүм үчүн жакшы чөйрө түзүп бер ........ 28
- 3Б Өз жашоо чөйрөңдү түзө аласыңбы? ........ 30
- 3В Мени жашоо чөйрөмө туура жайгаштыр. ........ 31
- 3Г Мени кайдан тапса болот? ........ 32
- **Сөз оюну** ........ **34**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **35**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **36**

**4-бөлүм. Материалдар** ........ **39**
- 4А Алар кайдан алынат? ........ 39
- 4Б Мени сүрөттөп бер ........ 40
- 4В Мен калкыймынбы? ........ 41
- 4Г Тамак жеген кашыктардын кайсынысы эң бекем? ........ 43
- 4Д Кел, чуңкур табак жасап көрөлү ........ 45
- 4Е Бир материалдан башка материалга ........ 46
- **Сөз оюну** ........ **47**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **48**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **49**

**5-бөлүм. Күчтөр** ........ **52**
- 5А Жүрүп бараткан жүк ташуучу унаа ........ 52
- 5Б Формаларды өзгөртүү ........ 54
- **Сөз оюну** ........ **55**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **56**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **57**

**6-бөлүм. Жарык жана караңгы** ........ **59**
- 6А Мектебимдеги жарыктын булактары ........ 59
- 6Б Мени тап жана боё ........ 60
- 6В Кутунун ичинен эмнени көрүп турасың? ........ 61
- **Сөз оюну** ........ **62**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **63**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **64**

**7-бөлүм. Электр кубулуштары тууралуу кененирээк** ........ **66**
- 7А Алар канчоо? ........ 66
- 7Б Абайлагыла! ........ 67
- 7В Менде электр чынжырлары бар ........ 68
- 7Г Жарыкты жандыр ........ 69
- 7Д Мени оңдо ........ 71
- **Сөз оюну** ........ **72**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **73**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **74**

**8-бөлүм. Тоо тектери** ........ **77**
- 8А Тоо тектеринин сүрүлүшү ........ 77
- 8Б Тоо тектердин 50 граммын салыштыр ........ 79
- 8В Мурда жана азыр ........ 80
- **Сөз оюну** ........ **81**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **82**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **83**

**9-бөлүм. Биздин айлана-чөйрөдөгү өзгөрүүлөр** ........ **85**
- 9А Мектепке карай жол ........ 85
- 9Б Азыр жана мурда ........ 88
- **Сөз оюну** ........ **90**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **91**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **92**

**10-бөлүм. Күн** ........ **94**
- 10А Асман ачык күн ........ 94
- **Сөз оюну** ........ **96**
- **Кел, картага түшүрөлү** ........ **97**
- **Кел, кайра карап чыгалы** ........ **98**

Ыраазычылык ........ 100


kitep.edu.kg



1-
БӨЛҮМ

# Жаныбарлар

## 1А тапшырмасы

## Биздин денебиздин бөлүктөрүн атап берчи

**Көндүмдөр:**

Жаныбарларды көңүл коюп карап чык.
Алардын денесинин бөлүктөрүн атап бер.
Кутучадагы сөздөрдү пайдалансаң болот.

тулку боюу
бут кетмени
башы
буту
куйругу
канаты











kitep.edu.kg

## 1Б тапшырмасы Бул дененин кайсы бөлүгү?

**Көндүмдөр:** Объекттерге, материалдарга жана тирүү жандыктарга байкоо жүргүзүү. Аларды окшоштуктары боюнча топторго бөлүштүрүү.

1. Жаныбарлар дүкөнүнө, фермага же зоопаркка барып кел.
2. Жаныбарлардын денесинин бөлүктөрүнө байкоо жүргүз.
3. Бир жаныбарды тандап алып, сол жактагы кутучага анын сүрөтүн тарт.
4. Оң жактагы кутучага өзүңдүн жакында түшкөн сүрөтүңдү чапта.

| | |
|---|---|
| *Жаныбардын сүрөтү* | *Өзүңдүн фотосүрөтүң* |

5. Сенин дене мүчөлөрүң менен жаныбардын денесинин кайсы бөлүктөрү окшош? Дал келгендерин тегеректеп кой.

**кол** **тумшук** **баш** **бут** **куйрук** **канат**


kitep.edu.kg

# 1В тапшырмасы Капта жана мени корго


**Көндүмдөр:** Объекттерге, материалдарга жана тирүү жандыктарга байкоо жүргүзүү. Аларды окшоштугу боюнча топторго бөлүштүрүү.


Ар бир жаныбарга тиешелүү болгон тери каптоосун, сызыктын жардамы менен туташтыр.

**Жаныбар** **Тери каптамы**




*арстан*






*фламинго*





*балык*





*кирпи чечен*



kitep.edu.kg

## 1Г тапшырмасы

# Жаныбарлардын балдары кандай болот?

**Көндүмдөр:**
- Тирүү жандыктарга байкоо жүргүзүп, аларды окшоштуктары боюнча топторго бөлүштүрүү.
- Өзгөрүүлөрдөгү мыйзам ченемдүүлүктү табуу.

**1.** Көпчүлүк жаныбарлардын балдары өз ата-энелерине окшош. Сүрөттөгү ар бир жаныбарды өз баласы менен туташтыр.

**Ата-энеси** **Балдары**



*таш бака*





*коён*





*жылкы*





*тоту куш*



kitep.edu.kg

**2.** Жогорку сүрөттөгү жаныбарлардын балдарын жана алардын ата-энелерин карап чык. Жаныбардын балдары өскөн сайын алардын эмнеси өзгөрөт? Туура жоопту тегеректе.

**Денесинин бөлүктөрүнүн саны.**

**Жаныбардын формасы.**


**Жаныбардын көлөмү.**

# 1Д тапшырмасы Мен өз ата-энеме окшошмун


**Көндүмдөр:**

- Объекттерге, материалдарга жана тирүү организмдерге байкоо жүргүзүп, аларды окшоштуктары боюнча топторго бөлүштүрүү.
- Ар түрдүү ыкмаларды колдонуп өлчөөлөрдү жүргүзүү.

**1.** Элмиранын апасы менен атасынын сүрөтүн кара.




*апасы*



*атасы*


Туура жоопту тегеректе.

*Менин чачым*
**(апамдыкындай / атамдыкындай)**
*тармал. Менин көзүм*
**(апамдыкындай / атамдыкындай)**
*бүтүк.*



**2. а)** Жиптин үзүмүн алып ата-энеңдин бут кетмениннин узундугун чене. Өз бутуңдун узундугун билүү үчүн, башка жипти колдон. Жиптерди бир кагаздын бетине чапта.

*Жиптерди кагазга жабыштырганда, алардын баш жагы бир сызыкта, тегиз болушуна көңүл бур. Бул эмнеге маанилүү?*



**б)** Сүйлөмдү толуктоо үчүн, туура сөздү белгиле.
Менин буттарым ата-энемдин буттарына окшош.
Бирок, ата-энемдин буттары меникине караганда
**( узунураак / кыскараак ).**

kitep.edu.kg

# 1Е тапшырмасы Менин чоңоюп жатканымды карачы


**Көндүмдөр:**
- Натыйжалардан жөнөкөй мыйзам ченемдүүлүктү табуу.
- Өз ишинде илимди колдонгон адамдарды аныктоо.

**1.** Ар бир жаныбардын кантип чоңоюп жатканын көрсөтүү үчүн, тиешелүү кутучаларга **1, 2** жана **3** сандарын жаз.


**а**



**б**



**в**



kitep.edu.kg

**2.** Кундуз тоок багат. Ал жөжөлөрдүн чоңоюп жатканын билүү үчүн алардын эмнесине көңүл буруусу керек? **Эки** туура жоопту тегеректе.

**Жөжөлөрдүн салмагы өсө баштайт.**

**Жөжөлөр көбүрөөк чыйпылдай башташат.**

**Жөжөлөр тезирээк чоңоё башташат.**


**Жөжөлөр азыгын жебей калышат.**

kitep.edu.kg

# Сөз оюну

Баш катырмада бир жаныбар катылган.

Баш катырманы чечүү үчүн, жардам берүүчү белгилерди пайдалан. Жообуңду бош жерлерге жаз. Андан соң жашырылган жаныбарды табуу үчүн баш катырмадагы сүрөттүн туура жооптору бар бөлүктөрүн боёп чык.




**Жашырылган жаныбар – бул ____________.**

1. Жаныбардын денесин коргоп турган ____________ ____________ болот.
2. Жаныбарлардын ар кыл иш-аракеттерине жардам берүүчү ____________ ____________ бар.
3. Адамдар менен жаныбарлардын ____________ ар түрдүү келет.
4. Канаттуулардын денеси ____________ менен капталган.
5. Балыктардын денеси ____________ менен капталган.
6. Аюнун терисин ____________ каптап турат.
7. Жаныбарлардын балдары алардын ____________ деп айтабыз.
8. Убакыттын өтүшү менен жаныбарлардын салмагы жана ____________ өзгөрөт.
9. Жаныбарлардын балдары өз ____________ окшош болушат.

kitep.edu.kg

# Кел, картага түшүрөлү

Төмөнкү сөздөрдү пайдаланып, бош жерлерди толтур.

**ичинде   өзгөрүлүп   каптоолору   жумуртка   куш жүндөрү**
**сүзгүч канаттары   жүнү   маанилүү   бут   дененин бөлүктөрү**
**кабырчыктары   тикендеринин   куйрук   канаты   тукум**

***Ар бир жаныбар ар түрдүүчө мүнөздөлөт.***

*Жаныбарлардын ____________ ар кандай болот.*

*Дененин ар бир бөлүгү____________. Ал жаныбарга ар кандай иш-аракеттерди аткарууга жардам берет.*

*Канаттуулардын ____________ учууга жардам берет.*

*____________ тыйын чычкан сыяктуу жаныбарларга бутактан бутакка секиргенде, тең салмагын сактоого жардам берет.*

*Балыктын ____________ анын сууда сүзүүсүнө жардам берет.*

*____________ жаныбарларга жерде чуркоого жана басууга жардам берет.*

*Жаныбарлар ____________ калтырат.*

*Жаныбарлардын терисин сыртынан коргоочу ар түрдүү терии ____________ ээ.*

*Түндүк уюлдагы аюулардын ____________ алардын денесин жылуу сактайт.*

*Крокодилдердин ____________ алардын денесин коргойт.*

*Канаттуулардын ____________ денесин жылуу жана кургак сактоого жардам берет.*

*Кирпи чечендер ____________ жардамы менен коргонушат.*

*Кээ бир жаныбарлар ____________ тууйт.*

*Кээ бир жаныбарлардын балдары энесинин ____________ өрчүйт.*

*Жаныбарлардын балдары өсүшүнө жараша ____________ өз ата-энелерине көбүрөөк окшошуп калышат.*

kitep.edu.kg

# Кел, кайра карап чыгалы

**1.** Ар бир жардамчы сөздөрдө сүрөттөлгөн дене мүчөсүн таап, аны тегеректе.


**а) Жардамчы сөздөр:** Ал айрым жаныбарлардын учушу үчүн керек болот.

**тумшук** **сүзгүч** **канаттар**

**б) Жардамчы сөздөр:** Айрым жаныбарларга бул чуркоо үчүн керек.

**сүзгүч** **канат** **бут**

**2.** Төмөндөгү окуучулар жаныбарлар жөнүндө билгендерин талкуулап жатышат.




**Эки** окуучунун гана айткандары туура.
Туура айткан окуучулардын аттарын тегеректе.

**Айна** **Бек** **Канат** **Диля**

kitep.edu.kg

**3.** Эмне үчүн жаныбарлардын тери каптоолору болот? **Үч** туура жоопту тегеректе.

**Жаныбарлардын денесин кургак сактоого жардам берет.**

**Жаныбарлардын денесинин жылуулугун сактоого жардам берет.**

**Жаныбарлар дарактарга чыккан учурда, алардын тең салмактуулугун сактайт.**

**Жаныбарлардын терисин коргойт.**

**4.** Сүйлөмдү толукта.

Жыландардын жана балыктардын ____________________ алардын денесин коргойт.

**5.** Зебраны жана анын баласын кара.



Зебра менен анын баласынын окшоштугун сүрөттөгөн **эки** туура тыянакты чымчыкча (✓) коюп белгиле:

Зебранын баласынын ата-энесиникине окшош куйругу бар. ☐

Зебранын баласынын жүнү ата-энесиникиндей эле ак-кара болот. ☐

Зебранын баласынын буттары ата-энесиникинен узунураак. ☐

Ата-энесиникиндей эле зебранын баласынын дагы куйругу жок. ☐

**2-БӨЛҮМ**

# Ден соолукта болуу

## 2А тапшырмасы Түшкү тамак ичүү убактысы


**Көндүмдөр:**

- Туура тамактануу тууралуу суроо берип, туура жоопту кантип табуу керектигин талкуулоо.
- Объекттерге, материалдарга жана жандууларга байкоо жүргүзүү, аларды окшоштугу боюнча топторго бөлүштүрүү.

**1.** Төмөнкү сөздөрдү пайдаланып, бош жерлерди толтур.

**эртең мененки тамакты** **кечки тамакты** **түшкү тамакты**

**а)**




Биз эртең менен ____________ жейбиз.

**б)**



Биз түштө же түштөн кийин ____________ жейбиз.

**в)**



Биз кечинде ____________ жейбиз.

kitep.edu.kg

**2.** Топ ичинде болуп иштегиле.

**а)** Тамак салуучу идишти жана ар кандай азык-түлүктүн түрлөрүн алып кел. Сен өз тамак салуучу идишиңди пайдалуу азык-түлүктөр менен толтурасың.

**б)** Тамак салуучу идишиңе кайсы азыктарды салууну чечиш үчүн кандай суроолорду берүү керек? Аларды төмөндөгү боштуктун ичине жаз. Бир мисал келтирилип турат.

**Мисал:** Муну күнүгө жесем, ооруп калбаймынбы?

kitep.edu.kg

Жоопту кантип табарыңарды өз тобуңар менен талкуулагыла.

**в)** Төмөнкү алкактын ичине өз тамак салуучу идишиңе сала турган азык-түлүктүн сүрөтүн тарт.

# 2Б тапшырмасы Сен спорт менен машыксаң эмне болот?

**Көндүмдөр:**

- Жабдууларды туура колдонуу, нерселерди стандарттуу эмес бирдиктер менен өлчөө.
- Эмне болорун божомолдоо.
- Практикалык ишти эрежелерди сактоо менен аткаруу.
- Байкоо жүргүзүп, байкоолорду таблицага түшүрүү.
- Жыйынтыктардан жөнөкөй мыйзам ченемдүүлүктү табуу.
- Жыйынтыктарың божомолуңа туура келген-келбегенин билдирүү.

**1.** Беш кишиден турган топтордо иштегиле. Көнүгүүлөрдү жасагандан кийин дем алганыңардын саны көбөйүп калганын билесиңер.


**2.** Бир мүнөттө канча жолу дем алганыңды эсептеп көр. Дем алуунун убактысын ченөө үчүн секундомер колдон. Бир дем алган абаны сен дем алган абанын бир бирдиги катары кабыл алсак болот.

**3.** Ойлонуп көрчү, тепкич менен чыгып, кайра түшкөндө дем алууңдун саны азаябы  же көбөйөбү? Эмне үчүн мындай деп ойлойсуң?

______________________________________________

______________________________________________

**4.** Тепкичтен беш жолу түшүп-чык. Бул көнүгүүнү абайлап аткар. Тепкичтен түшүп-чыгып жатып, өзүңдүн ар бир кадамыңды байка.




kitep.edu.kg

**5.** Тыянактарыңды төмөнкү таблицага жаз.

| *Аты* | *Тепкичтен* ***түшүп-чыкканга чейинки*** *бир мүнөттүн ичиндеги дем алуунун саны* | *Тепкичтен* ***түшүп-чыккандан кийинки*** *бир мүнөттүн ичиндеги дем алуунун саны* |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

1 дем алуу = 1 аба бирдиги

**6.** Тепкичтен түшүп-чыккандан кийин бир мүнөттүн ичиндеги дем алуунун жана дем чыгаруунун саны өзгөрдүбү?

______________________________________________

**7.** Кандай мыйзам ченемдүүлүктү байкадың? Бул улам өсүүчү мыйзам ченемдүүлүкпү же тескерисинче азаючубу?

______________________________________________

______________________________________________

kitep.edu.kg

## 2B тапшырмасы **Биздин тиштерибиз**

**Көндүмдөр:**

- Өз байкоолоруңду жүргүзүп, аларды сүрөт аркылуу көрсөтүү.
- Өз ишинде илимди колдонгон адамдарды аныктоо.

**1.** Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, сүрөттө көрсөтүлгөн тиштердин аталыштарын жаз.

**кылкыйма тиш** **кашка тиш** **чоң азуу тиш**



**2.** Сүйлөмдөрдү толукта. Туура сөздөрдү тегеректе.

**а)** Биз өз тиштерибизди **(күнүнө эки жолу / жумасына эки жолу)** жууп, аларга кам көрө алабыз.

**б)** Биз **(доктурга / тиш дарыгерине)** ар бир алты айда барып турушубуз керек. Ал бизди текшерип көрүп, **(кариес /дене табынын көтөрүлүшү)** бар экенин айтып берет.

kitep.edu.kg

## 2Г тапшырмасы Сен ооруп жатасыңбы?

**Көндүмдөр:**

- Объекттерге, материалдарга жана жандууларга байкоо жүргүзүп, аларды окшоштугу боюнча топторго бөлүштүрүү. • Ден соолукту сактоо тууралуу суроолорду берип, туура жообун кантип табуу керектигин талкуулоо. • Биздин дүйнөгө тийгизген таасирибизди түшүнүүгө илим кантип жардам берерин талкуулоо. • Илимий билим жана ой жүгүртүү убакыттын өтүшү менен кандайча өзгөргөнүн түшүндүрүү.

**1.** Оорунун белгилери көрсөтүлгөн сүрөттөргө чымчыкча (✓) белгисин кой.


*чуркоо* ☐


*ойноо* ☐


*дене табынын көтөрүлүшү* ☐


*жөтөлүү* ☐


*ич оорусу* ☐


*жазуу* ☐


kitep.edu.kg

**2.** **а)** Төмөндөгү бет каптын сүрөтүнө көңүл бур. Бет кап тууралуу кандай суроолоруң бар? Аларды боштуктун ичине жаз. Бир мисал келтирилип турат.

| |
|---|
| Мисал: Бет каптар эмнеден жасалат? |

**Жообун кантип табышты ойлон.**

**б)** Бет капка аны качан тагыныш керектиги тууралуу билдирүү жаз.






**3.** Биз ооруп жатканда, бет кап тагынып жүргөнүбүз башкаларга кандай таасир берет?
Туура жоопко чымчыкча ( ✓) белгисин кой.

Бул аларды ооруп калуудан алдын алат. ☐


Бул аларды күчтүү жана дени сак кылат. ☐

**4.** Оорулуу адамдарды мурда кантип дарылашкандыгы тууралуу өз ата-энеңден сура. Бүгүнкү күндө бейтаптарды дарылоонун кандай ыкмалары бар?

kitep.edu.kg

# Сөз оюну

Таяныч сөздөрду пайдалануу менен баш катырманы тап.




**Тигинен**

1. Таттуу, майлуу жана туздуу тамактар – бул ар ________________ .
2. Күрүч менен нан жегенибиз биздин ойлонуубузга жана окуубузга ________________ берет.
3. Төө буурчак, сүт жана ________________ азыктары биздин өсүшүбүзгө жардам берет.

**Туурасынан**

1. Жашылча-жемиштер менен азыктануу ________________ алдын алууга жардам берүүсү мүмкүн.
2. Таттуу, майлуу жана туздуу тамактарды өтө көп колдонуу биздин организмге ________________ таасир тийгизиши мүмкүн.
3. Биз күн сайын алтыдан сегиз стаканга чейин ________________ ичишибиз керек.
4. Жуунуу, колду жуу жана тырмакты алып туруу, бул биздин күнүмдүк ________________ .
5. Күчтүү жана ден соолукта болуу үчүн ________________ тамактанышыбыз керек.

kitep.edu.kg

# Кел, картага түшүрөлү

Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, бош жерлерди толтур:

**жуунуп жууп чайнаганга тамактануу көнүгүүлөрдү**
**беш пайдалуу сүт тырмактарыбызды туруктуу**
**эс алып белгилерди уктап жууйбуз сууну**

***Биз өз денебизге кантип кам көрөбүз?***

*Биз күчтүү жана чың ден соолукта өсүү үчүн күнүгө ____________ азыктарды жешибиз керек.*

- *Туура ____________ туура өлчөмдөгү түрдүү азыктарды камтыйт.*
- *____________ жетиштүү өлчөмдө ичүү биздин ден соолугубуз үчүн маанилүү.*

*Биз таза жана дени сак болуш үчүн дайыма тиштерибизди ____________ турабыз.*

- *Биздин тиштерибиз бизге тамакты ____________ жардам берет.*
- *Көпчүлүк кичинекей балдардын 20 ____________ тиши бар.*
- *Көпчүлүк чоң кишилердин 32 тиши ____________ болот.*
- *Биз ____________ же алтыга чыкканда биздин сүт тиштерибиз түшө баштайт.*

*Ар кандай иштерди аткарууга кубатыбыз жетип турушу үчүн, биз ____________ жана ____________ турушубуз керек.*

*Денебиз күчтүү жана шамдагай болушу үчүн ____________ аткарып турушубуз керек.*

- *Биз ____________ маал-маалы менен алып турабыз.*
- *Тамак ичерден мурда колубузду ____________.*

*Биз ооруп калганда денебиз ар кандай ____________ берет.*

kitep.edu.kg

# Кел, кайра карап чыгалы

**1.** **Эки** туура тыянакты белгиле.

**Чоң адамдар мындан ары өспөйт, ошондуктан алар туура тамактанууга көңүл бурбай деле коюшса болот.**

**Жашылча менен жемиштерди эле жей берүү бул туура тамактануу эмес.**

**Биз күн сайын алтыдан сегиз стаканга чейин суу ичишибиз керек.**

**Биз эч убакта таттуу азыктарды жебешибиз керек.**


**2.** Кайсы азыктар пайдалуу? Кайсылары зыяндуу? Азыктардын аттарын өз тобуна тууралап жаз.

**алма капуста торт тоок балык**
**картошка фри балмуздак картошка чипсылары**

| *Пайдалуу азыктар:* | *Зыяндуу азыктар:* |
|---|---|
| | |

kitep.edu.kg

**3.** Айрым окуучулар өз организмине кантип кам көрөрүн айтып жатышат.




**Бир** гана окуучунун айтканы туура. Туура сүйлөгөн окуучунун атын тегеректеп кой.

**Карина** **Рашид** **Замира**

**4.** Кимисинин тиштери көбүрөөк?



*кичинекей бала*



*чоң киши*

kitep.edu.kg

**5.** Ар бир сүрөттө оорунун кандай белгилери көрсөтүлгөн? Төмөнкү сөздөрдү пайдалан.

**жөтөл** **дене табынын көтөрүлүшү** **чүчкүрүү** **кусуу**

а)  ______________________

б)  ______________________

в)  ______________________

г)  ______________________

kitep.edu.kg

# 3-БӨЛҮМ Жашоо чөйрөлөрү

## 3А тапшырмасы Менин өсүшүм үчүн жакшы чөйрө түзүп бер


**Көндүмдөр:** • Жабдууларды туура пайдалануу. • Эмне болоорун божомолдоо. • Стандарттуу эмес бирдиктер менен өлчөө. • Изилдөөнүн маңызын түшүндүрүү жана алынган жыйынтыктарды баштапкы божомолдор менен салыштыруу. • Адамдын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин илим аркылуу кантип түшүнө аларыбыз жөнүндө ой жүгүртүү. • Өз ишинде илимди колдонуучу адамдар тууралуу билүү.

Өсүмдүктү же жаныбарды курчап турган нерселердин баары анын жашоо чөйрөсүн түзөт. Кел, жашыл буурчактын уругун өстүрүү үчүн чөйрө түзөлү.

***Керектелүүчүлөр:***

| | | | |
|---|---|---|---|
| кашык | 20 жашыл буурчак | калем | скотч |
| жумуртка салгыч | суу сепкич бөтөлкө | түтүкчө | |
| көчөт өстүрүүчү топурак | суу | кайчы | |

**Иштин жүрүшү:**



1. Жумуртка салгычтын оюктарына кашык менен топурак толтур.
2. Ар бир оюкка эки жашыл буурчактын экиден уругун сал.
3. Топуракты нымдоо үчүн суу сепкич бөтөлкөнү колдон.
4. Уруктардын жашоо чөйрөсүнүн бөлүгү болгон эки элементти ата.


kitep.edu.kg

**5.** Он күндөн кийин эмне болорун божомолдо. Бардык уруктар өнүп чыгат деп ойлойсуңбу?

**6.** Он күн боюу топурактын нымдуулугун сактап тур.

**7.** 10-күнү өскөн көчөттүн жанына түтүкчөнү коюп, анын бийиктигин өлчө. Түтүкчөнү көчөттүн бийиктигине тууралап туруп кайчы менен кесип, көчөттүн бийиктигин көрсөт.

**8** Төмөнкү сүрөткө көчөттүн сүрөтүн тарт. Анан түтүкчөнү скотчтун жардамы менен көчөттүн жанына чапта.






**9.** Сенин божомолдоруң туура чыктыбы?

**10.** Дыйкан өсүмдүктөрүн маал-маалы менен сугарган жок. Бул өсүмдүктөргө кандай таасир тийгизиши мүмкүн?

kitep.edu.kg

## 3Б тапшырмасы

# Өз жашоо чөйрөңдү түзө аласыңбы?

**Көндүмдөр:**

- Модель жашоо чөйрөнү көрсөтө аларын билүү.
- Жашоо чөйрөнү көрсөтүү үчүн моделди колдонуу.
- Сенин айлана-чөйрөгө тийгизген таасириңди илим кантип түшүнүүгө жардам берерин айтып берүү.

***Керектелүүчүлөр:***
Пластилин Үйдө же класста болгон буюмдар

**1.** Моделдин жардамы менен жашоо чөйрөсүн көрсөтүүгө болот.

Каалаган бир жаныбарды танда. Аны пластилинден жаса. Андан соң үйдөгү же класстагы буюмдарды колдонуп, бул жаныбардын жашоо чөйрөсүнүн моделин түзгөнгө аракет кыл.

Өзүңдүн моделиңди класска тааныштырып бер. Төмөндөгү бош жерге өзүң түзгөн жашоо чөйрөңдүн сүрөтүн тарт.

**2.** Айрым жаныбарларды үй жаныбары катары кармоого болбойт. Ошондой жаныбарлардын бири тууралуу маалымат тап. Эгер аны үй жаныбары катары кармаса, ал адамга көнөбү?

kitep.edu.kg

## 3В тапшырмасы

# Мени жашоо чөйрөмө туура жайгаштыр.

**Көндүмдөр:**

- Объекттерге, материалдарга жана жандууларга байкоо салып, аларды окшоштугуна жараша топторго бөлүштүрүү.

Бул жандуу организмдерди жакшылап карап чыккыла.



*кактус*



*дарак*



*ак аюу*



*маймыл*



*тукан*



*төө*

Тирүү жандыктардын аттарын төмөнкү таблицадагы жашоо чөйрөлөрүнө туура келгидей кылып бөлүштүр.

Ар бир жашоо чөйрөсүн сүрөттөө үчүн эки сөздү колдон.

| ***Байырлоочу аймагы*** | *Тропика токою* | *Чөл* | *Уюлдагы жашоо чөйрөсү* |
|---|---|---|---|
| ***Жаныбар/ Өсүмдүк*** | | | |
| ***Жашоо чөйрөсү*** | | | |

kitep.edu.kg

## 3Г тапшырмасы Мени кайдан тапса болот?

**Көндүмдөр:**
- Маалымат булактарын колдонуп, суроолорго жооп табуу.
- Жашоо чөйрөлөрү тууралуу суроолорду берүү жана жоопторду кантип табууну талкуулоо.

**1.** Топ ичинде иштегиле. Сүрөттөрдө көрсөтүлгөн байырлоо аймактарынын туура аталыштарын жазгыла. Китептерди же интернетти колдонуп, булар байырлоочу жерлерди кайсы өлкөлөрдөн табууга болорун издегиле. Ал өлкөнүн атын жазгыла.

| ***Байырлоочу аймагы*** | ***Өлкө*** |
|---|---|
|  ______________ | |
|  ______________ | |

kitep.edu.kg

| *Байырлоочу аймагы* | *Өлкө* |
| --- | --- |
|  ______________________ | |

**2.** Тапшырманы аткаруу үчүн берилчү **эки** суроону тегеректе.

**Көлмө деген эмне?**

**Чөлдү кайдан тапса болот?**

**Ак аюулар кайда жашашат?**

**3.** Бул эки жашоо чөйрөнүн окшоштугу эмнеде? Туура жооптун кутучасына чымчыкча ( ✓) белгисин кой.

**а)** Суу жана тропика токою жашоо чөйрөсү

өсүмдүктөр аз ☐ жаныбарлар көп ☐ нымдуу ☐

**б)** Чөл жана уюлдагы жашоо чөйрөсү

жаныбарлар аз ☐ өсүмдүктөр аз ☐ ысык ☐

kitep.edu.kg

# Сөз оюну

Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, бош жерлерди толтур.

**суу  жашоо чөйрөсүн  ак илбирстер  чөптөр  талаа**
**өсүмдүктөрдүн  ысык  маймылдар  уюлдардын**
**баш калкалоочу жай  жамгырлуу тропикалык токой**

1. Талааларда жаныбарларга азык болуучу _____ көп болот. Ө
2. Чөл ____________________ жана кургак. О
3. ____________________ жашоо чөйрөсү өтө суук. Ш
4. Өсүмдүктөрдү же жаныбарларды курчап тургандардын бардыгы алардын ____________________ түзөт. Й
5. Тропика токойлорундагы бийик дарактар канаттууларга ____________________ боло алат. Ж
6. ________________ чөйрөсүндө суу көп болот. Ч
7. ____________________ сыяктуу жаныбарлар токойлордо жашайт. Р
8. Кыргызстанда ____________ ____________ ____________ жашоо чөйрөсү кездешпейт. А
9. Чөл жашоо чөйрөсүндө ____________________ саны аз. Ө
10. Кыргызстандын бийик тоолорунда ____________________ кездешет. О

Сөздү чечмеле. Ар бир санга тиешелүү болгон тамгаларды торчолорго жаз.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |
| *5* | *8* | *3* | *10* | *2* | *6* | *1* | *4* | *7* | *9* |

kitep.edu.kg

# Кел, картага түшүрөлү

Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, бош жерлерге сүйлөмдү толуктап жаз.

**Суу чөлдүн жашоо чөйрөсү азык жашоо-чөйрө ысык уюлдардагы баш калкалоочу жай жылуу суу нымдуу кургак**

*__________ — бул өсүмдүк же жаныбарлар тиричилик кылган аймак.*

*Тропика токойлорунун жашоо-чөйрөсү - __________ жана __________.*

*Жашоо-чөйрөсү жаныбарлар үчүн __________, __________, __________ жана тиричилиги үчүн мейкиндик болуп берет.*

*Талаа жашоо-чөйрөсү – __________ жана шамалдуу.*

*__________ жашоо чөйрөсү – суук жана шамалдуу.*

*__________ жашоо-чөйрөсү — ысык жана кургак.*

*__________ чөйрөсүндө суу көп болот.*

kitep.edu.kg

# Кел, кайра карап чыгалы

**1.** Ар бир жашоо чөйрөнүн өзүнүн өзгөчөлүгү болот. Ар бир жашоо чөйрө менен ага туура келген өзгөчөлүктөрүн туташтыргыла.

| Жашоо чөйрөсү | Өзгөчөлүгү |
|---|---|
| уюлдагы ● | ● ысык жана кургак |
| чөл ● | ● нымдуу жана жылуу |
| тропика токою ● | ● ысык жана шамалдуу |
| талаа ● | ● суук жана шамалдуу |

**2.** Жаныбарлардын тиричилиги үчүн аларга айлана-чөйрөсүнөн эмне керек? **Үч** туура жоопту жаз.

___

___

___

kitep.edu.kg

**3.** 2-класс ар кандай жашоо чөйрөлөрү боюнча "суроо жооп таймашын" өткөрүп жатышат.

Төмөнкү сөздөрдү колдонуп, ар бир суроого жооп жаз.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **суу чөйрөсү** | **чөл** | **талаа** | **уюлдагы чөйрө** |

**1-жардам:** Күндүз ысык, түнкүсүн суук болгон жашоо чөйрөсү. Ошондой эле ал чөйрө абдан кургак келет. Бул кайсы жашоо чөйрөсү?

Жооп: ______________________________

**2-жардам:** Суук жана шамалдуу жашоо чөйрө. Бул кайсы жашоо чөйрөсү?

Жооп: ______________________________

**3-жардам:** Ар дайым нымдуу болгон чөйрө. Бул кайсы жашоо чөйрөсү?


Жооп: ______________________________

**4-жардам:** Бул жашоо чөйрөсүндө көптөгөн чөп өсүмдүктөрү өсөт. Ал көптөгөн жаныбарларды азык менен камсыз кылат. Бул кайсы жашоо чөйрөсү?


Жооп: ______________________________

kitep.edu.kg


**4.** Үч окуучу жашоо чөйрөлөрдүн окшоштугу жөнүндө талкуулап жатышат.


Адил

*Чөлдөрдө жана уюлдардагы жашоо чөйрөлөрүндө өсүмдүктөр менен жаныбарлардын бир нече түрлөрү гана тиричилик кыла алышат.*


Нурэмир

*Уюлдардагы жана суудагы жашоо чөйрөлөрү кургак келет.*


Мээрим

*Токойлордо жана талааларда өсүмдүктөр менен жаныбарлардын көптөгөн түрлөрү болот.*

**Эки** окуучу гана туура жооп беришти.
Туура жооп берген окуучулардын ысымдарын тегеректе.

**Адил** **Нурэмир** **Мээрим**

kitep.edu.kg